Тактап айтканда, Жамийланын муңайышынан кусалык, арзуу, жылуулук, санаа, Данияргa карата ашып-ташыган махабат көрүнүп турат.

Ушул сыяктуу көркөм тексттердин негизинде студенттин ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, айлана-чөйрөнү, табиятты, адамды таанып-билүүгө жана ички дүйнөнүн чексиздигин аңдоого багытталган түрдүү суроолорду берип окутуу жөндүү деп эсептейбиз.

Жыйынтыктап айтканда, сабактын сапатын жогорулатууда теманын табиятына ылайык кошумча материалдарды, изилдөөлөрдөн үзүндүлөрдү, басма сөздөгү жаңылыктарды пайдалансак, сабак өз натыйжасын берет. Демек, методдордун жакшы-жаманы, эски-жаңысы, маанилүү-маанисизи болбойт. Окутуучу кайсы гана ыкманы колдонбосун, аны колдонуунун максатын жана алынуучу натыйжаны алдын ала пландаштырып алуусу абзел.

**Колдонулган адабияттар**


1. Айтматов Ч. Т. Чыгармалар жыйнагы. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2014.
2. Байгазиев С. О. Окутуунун интерактивдүү методу. – Бишкек, 2004.
3. Исаков Б. Сабат санжырасы. – Бишкек, 1993.
4. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2009.
5. Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги кыргыз тилин окутуунун жаңы усул-ыкмалары. – Бишкек, 2006.
6. Сакиева С. С., Тажиева Ж. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жаш муундарга адамкерчиликти калыптандыруу проблемалары // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2014. – № 4 (32). – 73–76-бб.


**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Токоева Н.А.**


УДК 792.072(575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-306-312



**Шайылдаева А.К., Сыдыков Т.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана жаштар саясатынын министрлигинин Искусство жана кесиптик билим берүү башкармалыгы
**Шайылдаева А.К., Сыдыков Т.**
КНУ имени Жусупа Баласагына,
Управления искусства и профессионального образования Министерства культуры, информации и молодежной политики Кыргызской Республики
**Shaiyldaeva A.K., Sydykov T.**
KNU Jusup Balasagyn,
Department of Arts and Vocational Education, Ministry of Culture, Information and Youth Policy of the Kyrgyz Republic

ORCID 0009-0003-6412-829X
ORCID 0009-0006-9837-7843

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТЕАТР СЫНЫНЫН БҮГҮНКҮ АБАЛЫ: ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ
# СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ТЕАТРАЛЬНОЙ КРИТИКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ: ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ И ПРАКТИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ
# THE CURRENT STATE OF THEATRE CRITICISM IN KYRGYZSTAN: THEORETICAL AND PRACTICAL ASPECTS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада кыргыз театр искусствосунун тарыхый өнүгүүсү, эгемендүүлүк доорундагы абалы жана азыркы көйгөйлөрү илимий талдоого алынган. Чыгармачылык мурасты системалуу изилдөөнүн, спектаклдерди документтештирүүнүн жана аларга аналитикалык жана сынчыл баа берүүнүн зарылдыгы белгиленет. Советтик доордогу иликтөөлөр, Ж. Кулмамбетовдун «Манас» эпосу аркылуу кесиптик театрдын башаттарын чечмелөөсү, ошондой эле Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын (КУАДТ) ролу каралып, театр искусствосунун тарыхый жана коомдук мааниси ачып көрсөтүлөт. Изилдөө театр таануучулардын жана коомчулуктун театрга болгон кызыгуусун арттыруунун, чыгармачылык мурасты сактоонун жана аны келечек муундарга жеткирүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт.

**Аннотация:** В статье представлен научный анализ исторического развития театрального искусства Кыргызстана, его состояния в период независимости и современных проблем. Подчёркивается необходимость систематического изучения творческого наследия, документирования спектаклей, их аналитической и критической оценки. Рассматриваются исследования советского периода, интерпретация Ж. Кулмамбетовым истоков профессионального театра через эпос «Манас», а также роль Кыргызского национального академического драматического театра имени Токтоболота Абдумомунова (КНАДТ). Раскрывается историческое и общественное значение театрального искусства. Исследование подчёркивает важность повышения интереса театроведов и общественности к театру, сохранения творческого наследия и его передачи будущим поколениям.

**Abstract:** The article presents a scientific analysis of the historical development of theatrical art in Kyrgyzstan, its state during the period of independence, and its current challenges. It emphasizes the need for systematic research into creative heritage, the documentation of theatrical productions, and their analytical and critical evaluation. The article examines Soviet-era research, Zh. Kulmambetov's interpretation of the origins of professional theatre through the Manas epic, and the role of the Kyrgyz National Academic Drama Theatre named after Toktobolot Abdumomunov (KNADT). The historical and social significance of theatrical art is also explored. The study highlights the importance of increasing interest in theatre among theatre scholars and the general public, preserving creative heritage, and passing it on to future generations.

**Негизги сөздөр:** кыргыз театр искусствосу; «Манас» эпосу; театр тааныу; спектакль; театр сыны; чыгармачылык мурас; эгемендүүлүк доору; документтештирүү; аналитикалык изилдөө.

**Ключевые слова:** театральное искусство Кыргызстана; эпос «Манас»; театроведение; спектакль; театральная критика; творческое наследие; период независимости; документирование; аналитическое исследование.

**Keywords:** Kyrgyz theatre; «Manas» epic; theatre studies; performance; theatre criticism; creative heritage; independence period; documentation; analytical research.

Кыргыз Республикасынын маданиятын жана искусствосун өнүктүрүү багытында мыйзамдык-укуктук негиздер түзүлүп, мамлекеттик саясат жүргүзүлүп келет. Ошол эле учурда бул тармактагы мамлекеттик саясатты бирдиктүү системада ишке ашыруу, илимий изилдөөлөрдү жана практикалык чараларды системалуу жүргүзүү маселелери дагы эле актуалдуу бойдон калууда. Кыргыз Республикасында маданият жана искусство тармагын өнүктүрүүнүн негизги мыйзамдык-укуктук негиздеринин бири — 2009-жылы кабыл алынган «Маданият жөнүндө» мыйзам. Ал искусствонун

түзүлүшүн, сакталуусун жана коомго жеткирилишин жөнгө салат, ошондой эле маданий мурастарды коргоону камсыз кылып, мамлекеттик саясаттын негизги укуктук алкагын түзөт.

2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында маданият жана искусство чөйрөсүн өнүктүрүү программасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 15-августундагы № 193 «Маданият, искусство жана спорт чөйрөсүн мамлекеттик колдоонун кечиктирилгис чаралары жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында иштелип чыккан. Программа маданият жана искусство тармагын өнүктүрүүнүн негизги максаттарын, милдеттерин жана артыкчылыктуу багыттарын аныктайт. Анда жарандардын маданий баалуулуктарга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү, улуттук жана аймактык маданий байланыштарды чыңдоо, ошондой эле коомчулуктун маданий турмушка активдүү катышуусуна шарт түзүү негизги максаттар катары белгиленген. Программа алты артыкчылыктуу багытты камтыйт. Алардын катарына тарыхый-маданий мурастарды сактоо жана өнүктүрүү, улуттук аң-сезимди жана жарандык идентүүлүктү калыптандыруу, маданий инфраструктуранын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү жана Кыргызстандын дүйнөлүк маданий мейкиндикке интеграцияланышын камсыз кылуу кирет. Программанын аткарылышын камсыз кылуу үчүн иш-чаралар планы, мониторинг жана баалоо механизмдери, ошондой эле каржылоо булактары каралган [1, 12–13-бб.]. Бул мамлекеттик документ макалада талкууланып жаткан театр жана искусство мекемелеринин өнүгүүсү, көрүүчүлөр менен өз ара байланышы жана маданий саясаттын теориялык-практикалык аспектилери менен түздөн-түз байланышта болуп, азыркы театр искусствосунун көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган практикалык негиз болуп эсептелет. Ошентсе да, азыркы учурда мамлекеттик маданий саясаттын теориялык негиздери, аны ишке ашыруунун натыйжалуулугу жана практикалык ыкмалары боюнча системалуу изилдөөлөрдү мындан ары да тереңдетүү зарыл. Башкача айтканда, маданият тармагындагы илимий изилдөөлөрдө жеке көз караштар жана автордук сунуштар менен катар узак мөөнөттүү стратегиялардын реалдуу натыйжаларын эмпирикалык жактан талдоого да өзгөчө көңүл буруу талап кылынат. Бул жагдай концептуалдык саясат менен системалуу илимий изилдөөлөрдүн өз ара байланышын тереңирээк кароо зарылдыгын көрсөтөт. Ошондуктан маданият жана искусство тармагындагы мамлекеттик саясаттын идеясын, теориялык алкагын жана практикалык натыйжалуулугун илимий жактан тереңдетип, кеңири талдоо талап кылынат. Мындай изилдөөлөр болжолдуу сунуштар менен гана чектелбестен, мамлекеттик саясаттын практикага тийгизген таасирин, аны ишке ашыруу механизмдерин жана коомдогу социалдык-маданий өзгөчөлүктөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш.

Бүгүнкү күндүн талаптары жана глобалдашуу процессинин ылдамдыгы маданият тармагында мурда натыйжалуу деп эсептелген ыкмалар менен формаларды жаңыча интерпретациялоону талап кылууда. Глобалдашуу менен кошо келген социалдык, экономикалык жана маалыматтык агымдар коомдун маданий муктаждыктарын өзгөртүп, театр жана башка искусство мекемелеринен жогорку деңгээлдеги тейлөөнү жана көрүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнүн жаңы формаларын талап кылат. Коомдогу тынымсыз өзгөрүүлөр театр мекемелерин коомдун күзгүсү катары бул өзгөрүүлөрдү алдын ала баамдап, аларга ыңгайлашууга мажбурлайт.

Театрлар көрүүчүлөрдүн маданий, эстетикалык жана социалдык муктаждыктарын эске алып, театр искусствосунун алар үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Бул өзгөчө жаш муундарды маданий агымга тартууда жана жаңы көрүүчүлөрдүн кызыгуусун арттырууда маанилүү роль ойнойт. Ошондуктан театр мекемелери демилгелүү иштерди колго алып, иштин жаңыланган формаларын өнүктүрүп, жаңы методикалык жана педагогикалык ыкмаларды коомго жайылтууга тийиш. Бул аракеттер аркылуу келечек муундарды маданият жана искусство тармагына тартуунун натыйжалуу жолдору түзүлүп, театрлардын коомдогу таасири жана актуалдуулугу жогорулайт.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын театр искусствосунун алдында турган маанилүү маселелердин бири — көрүүчүлөрдүн театрга болгон кызыгуусун арттыруу жана алардын маданий турмушка катышуусун кеңейтүү. Бул багытта театр мекемелеринин билим берүү уюмдары менен кызматташуусун күчөтүү өзгөчө мааниге ээ. Айрыкча аймактардагы жогорку жана орто кесиптик окуу

жайларында, жалпы билим берүүчү мектептерде театр искусствосу менен тааныштырууга багытталган иш-чараларды уюштуруу зарыл. Алсак, «Театр — жашоонун күзгүсү» аталышындагы экскурсияларды өткөрүү, окуучуларды жана студенттерди сахна артындагы чыгармачылык процесс менен тааныштыруу, ошондой эле «Мектеп жана театр» темасында семинарларды уюштуруу жаш муундардын театрга болгон кызыгуусун арттырууга өбөлгө түзөт [1, 8-б.]. Мындай кызматташтык театр искусствосунун жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө, жаңы көрүүчүлөрдү тартууга жана театр менен коомдун ортосундагы маданий байланышты бекемдөөгө шарт түзөт.

Советтик мезгилде кыргыз театры институционалдык жактан калыптанып, кесиптик өнүгүүнүн жаңы баскычына көтөрүлгөн. Театр мекемелери түзүлүп, чыгармачыл жамааттардын ишмердүүлүгү кеңейип, сахна искусствосунда бир катар жетишкендиктер жаралган. Ошол эле учурда театрдын өнүгүшү жана аны илимий жактан талдоо советтик идеологиянын таасири астында жүргөн. Театрга арналган макалаларда жана изилдөөлөрдө спектаклдердин көркөмдүк өзгөчөлүктөрү менен катар алардын идеологиялык мазмунуна да басым жасалган. Натыйжада театр сынынын айрым багыттарында көркөм чыгармаларды ар тараптуу жана көз карандысыз талдоо мүмкүнчүлүгү чектелген.

Советтик доордун айрым изилдөөчүлөрү кыргыз кесиптик театрынын калыптанышын 1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийинки коомдук-маданий өзгөрүүлөр менен байланыштырышкан. Алардын эмгектеринде борбордон келген кесипкөй адистердин катышуусу менен театр мекемелери уюштурулуп, чыгармачыл кадрларды даярдоо иши жолго коюлуп, улуттук театр мектеби калыптана баштаганы белгиленген. Мындай көз карашта революцияга чейинки кыргыз коомунда театр искусствосунун кесиптик формалары өнүкпөгөнү, ал эми салттуу көркөм маданият театрдын өз алдынча тарыхый негизи катары жетиштүү каралбаганы байкалат. Натыйжада кыргыз театрынын тарыхы негизинен советтик мезгилден башталгандай түшүндүрүлгөн.

Бирок кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы, «Манас» эпосун айтуу өнөрү, элдик оюн-зооктору жана аткаруучулук салттары улуттук сахна искусствосунун калыптанышына өбөлгө түзгөн маданий негиздер катары өзүнчө изилдөөнү талап кылат. Ошондуктан кыргыз театрынын тарыхын советтик мезгилде түзүлгөн кесиптик мекемелердин ишмердүүлүгү менен гана чектебестен, анын салттуу маданият менен болгон байланышын да эске алуу зарыл.

Кыргыз театрынын изилдөөчүсү Ж. Кулмамбетов кыргыздын салттуу аткаруучулук өнөрүн, анын ичинде «Манас» эпосун айтуу салтын театр искусствосунун тарыхый башаттарынын бири катары карайт. Изилдөөчү манасчылык өнөрүн эпикалык, башкача айтканда, баяндоочу театрдын өзгөчө формасы катары талдап, аны дүйнөлүк эпикалык театрдын көрүнүктүү үлгүлөрүнүн бири деп баалайт. Анын пикиринде, эпикалык театр аристотелдик театрга чейинки байыркы көркөм-эстетикалык моделдердин бири болуп саналат, ал эми кыргыздын манасчылык өнөрүндө бул салт өзгөчө формада сакталып калган [4, 47–60-бб.].

Москвадагы адабиятчы жана театр сынчысы Дмитрий Брудный бул маселеге төмөнкүчө комментарий берген: «А ведь ещё совсем недавно, всего лишь несколько десятков лет назад, кочевники – киргизы не знали своего профессионального искусства, как не знали они счастья и мира» [3, 100-б.]. Буга чейин, 1950-жылдардын ортосунда, театр таануучу Н. И. Львов мындай ой билдирген: «Несмотря на широкое развитие в киргизском быту элементов театральности, театра в Киргизии до Великой Октябрьской социалистической революции не было ни профессионального, ни самодеятельного» [4, 398-б.]. Бул эки пикир советтик мезгилдеги кыргыз театрынын тарыхына карата калыптанган көз караштардын бир багытын чагылдырат. Ж. Кулмамбетов болсо кыргыз театрынын тарыхый башаттарын «Манас» эпосу жана манасчылык өнөрү менен байланышта карап, эпикалык театр түшүнүгү аркылуу башкача чечмелөөнү сунуштайт [4, 47–60-бб.]. Мындай мамиле кыргыз театрынын тарыхын кесиптик театр мекемелеринин пайда болушу менен гана чектебестен, элдик оозеки чыгармачылык жана салттуу аткаруучулук маданият менен байланышта кароого мүмкүндүк берет.

1991-жылдын акырында СССР таркап, Кыргызстан өз алдынча эгемен мамлекетке айланган учурда адабият жана театр искусствосунда кризистик абал орун алган. Мамлекеттик каржылоонун

жана уюштуруучулук механизмдердин өзгөрүшү театр жана кино тармагындагы чыгармаларды жаратууну кыйындаткан. Атап айтканда, кино тартуу дээрлик токтоп калган, анткени финансылык жана уюштуруучулук колдоо азайган. Жалпы постсоветтик мейкиндикте мындай дендароо абал биринчи кезекте идеологиялык фарватерден ажыроо менен байланыштуу болгон. Жаңы саясий жана экономикалык шарттар театрдын финансылык, уюштуруучулук жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнө таасир эткен [2, 537-б.].

Эгемендүүлүк доорунун башталышы менен Кыргызстан өз алдынча мамлекетке айланып, жаңы саясий жана экономикалык шарттар театр искусствосунун өнүгүшүнө да өз таасирин тийгизди. Театр мекемелери финансылык жана уюштуруучулук көйгөйлөргө туш болуп, чыгармачылык процессте бир катар кыйынчылыктар жаралды. Ошондой эле соңку 30–35 жыл аралыгында театр мекемелеринде сахналанган спектаклдер сынчылар тарабынан жетиштүү деңгээлде иликтенбей, талкууланбай, жазма түрүндө тарыхка толук кандуу калтырылган эмес. Бул спектаклдердин көбү документалдык жактан сакталбай, «кумга куюлган суудай» жок болуп кеткен. Натыйжада театр тарыхынын бир бөлүгү жана чыгармачылык мурас келечек муунга толук жеткирилбей, кыргыз театр искусствосун илимий жактан изилдөөдө бир катар кыйынчылыктарды жараткан.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын театр мекемелери кайрадан жанданып, ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды сахналаштыруу боюнча активдүү аракеттерди көрүп жатышат. Бул процесске байланыштуу спектаклдер боюнча сын-пикирлер жана макалалар жазыла баштады. Бул театр искусствосунун тарыхын жана чыгармачылык мурасын документтештирүү үчүн маанилүү кадам болуп саналат. Театр сынынын негизги максаты — сахналанган чыгармаларды системалуу талдоо, аларга эстетикалык баа берүү, ой-пикирлерди сунуштоо жана тарыхка калтыруу, башкача айтканда, чыгармачылык процессти объективдүү илимий көз караштан талдап, документтештирүү болуп эсептелет.

Азыркы учурда театр сыны кайрадан жанданып, жаңы театр таануучулардын макалалары жарыялана баштады. Ошол эле учурда спектаклдерди аналитикалык деңгээлде терең чечмелөө, теориялык негиздерди практика менен туура айкалыштыруу жана методикалык жактан системалуу талдоо маселелери актуалдуу бойдон калууда. Бул багыт театр сынчылары жана илимий изилдөөчүлөр үчүн учурдагы негизги милдеттердин бири болуп саналат. Ошондой эле театр чыгармаларын талдоодо теориялык жана практикалык аспектилерди айкалыштыруу, сахналанган чыгармалардын коомдук, тарбиялык жана эстетикалык маанисин терең ачып көрсөтүү зарыл.

Академиялык жактан караганда, азыркы театр сынынын өнүгүүсү класстагы методологиялык кемчиликтерди жоюу, сын макалаларды аналитикалык, теориялык жана практикалык аспектилерде жазууну күчөтүү аркылуу гана толук кандуу болушу мүмкүн. Бул, өз кезегинде, театр искусствосунун өнүгүүсүнө салым кошуп, келечек муунга илимий негизде мурастуу мүмкүнчүлүк берет.

Учурда Кыргызстандын театр мекемелери кайрадан жанданып, ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды сахналаштырып жатканы менен, спектаклдерди терең чечмелөө жана талдоо жаатында бир катар маселелер бар. Конкреттүү мисал катары Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын (КУАДТ) сахнасында коюлган «Эне», «Акыркы кат», «Саманчынын жолу», «Абийир кечирбейт» чыгармалары театр тарыхында маанилүү орунга ээ болгону менен, алар тууралуу сын-пикирлер жана илимий талдоолор жетиштүү деңгээлде жүргүзүлгөн эмес. Бул жагдай кыргыз театр искусствосунун тарыхый мурасын документтештирүү жана келечек муунга жеткирүү иштерин кыйындатууда.

Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театры (КУАДТ) кыргыз театр искусствосунун өнүгүшүндө маанилүү орунду ээлеген чыгармачылык мекемелердин бири болуп саналат. Театрдын сахнасында коюлган спектаклдер улуттук драматургиянын, актёрдук жана режиссёрдук өнөрдүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө үчүн маанилүү материал болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу театрдын чыгармачылык мурасын системалуу документтештирүү, спектаклдерге театр таануучулук жана сынчыл талдоо жүргүзүү, актёрдук жана режиссёрдук чечмелөөлөрдү илимий жактан изилдөө зарыл. Мындай иштер кыргыз театр искусствосунун тарыхын толуктоого, сахналык

чыгармалардын эстетикалык жана коомдук маанисин ачып көрсөтүүгө жана чыгармачылык мурасты келечек муундарга жеткирүүгө өбөлгө түзөт.

Ошентип, КУАДТнын чыгармачылык ишмердүүлүгүн системалуу изилдөө кыргыз театрынын тарыхын жана теориясын өнүктүрүүгө, спектаклдер боюнча аналитикалык жана сынчыл эмгектерди даярдоого шарт түзөт. Театр таануучулардын катышуусунда спектаклдерди документтештирүү, алардын көркөмдүк, социалдык жана тарбиялык маанисин талдоо улуттук театр мурасын сактоонун жана аны келечек муундарга жеткирүүнүн маанилүү багыттарынын бири болуп саналат.

Кыргызстанда театр искусствосунун инфраструктурасы салыштырмалуу кеңири түзүлгөн. Мисалы, өлкө боюнча 24 театр, анын ичинде 8 музыкалык драма театры, 9 драма театры, 2 куурчак театры, бир опера жана балет театры, ошондой эле 3 филармония иштейт. Бул мекемелер негизинен мамлекеттик менчикке караштуу болуп, алардын негизги максаты чыгармачылык программаларды ишке ашыруу жана коомчулукту маданий баалуулуктар менен камсыз кылуу болуп саналат. Бирок бул театр мекемелеринин чыгармачылык эмгектерин системалуу түрдө тарыхта калтыруу, спектаклдерди документтештирүү жана аналитикалык баалоо маселелери актуалдуу бойдон калууда. Натыйжада, сахналанган чыгармалардын бир бөлүгү келечек муун үчүн илимий жана тарыхый булак катары толук сакталбай, алардын мааниси жетиштүү деңгээлде ачылбай калууда.

Мындан тышкары, Кыргызстанда жеке менчик театрлар да бар, алардын саны болжол менен 20ны түзөт. Алардын көпчүлүгү, өзгөчө, балдарга жана жаштарга багытталган чыгармачылык программаларды ишке ашырып, келечек муундун маданий жана эстетикалык жактан өнүгүшүнө салым кошуп жатышат. Бирок жеке менчик театрлардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн тарыхта калтыруу жана илимий жактан баалоо маселеси да актуалдуу бойдон калууда. Алардын чыгармачылык ишмердүүлүгү көбүнчө учурдагы көрүүчүлөрдүн аудиториясы менен гана чектелип калууда.

Ошентип, Кыргызстандын театр искусствосунун учурдагы абалында мамлекеттик жана жеке менчик секторлордун чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрү менен катар, чыгармачылык эмгектерди документтештирүү, тарыхта калтыруу жана аналитикалык баалоо маселелери да бар. Бул жагдай, өз кезегинде, театр таануучулар менен изилдөөчүлөрдүн театр искусствосун илимий негизде изилдөөсүн, анын тарыхын сактоосун жана чыгармачылык мурасты келечек муунга жеткирүүсүн талап кылат.

Ошондуктан кыргыз театр искусствосунда театр тарыхын, теориясын, практикасын жана чыгармачыл адистердин — актёрлордун, режиссёрлордун, сценографтардын — чыгармачылык тажрыйбасын документтештирүү жана жазып калтыруу маселеси эң олуттуу көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет. Учурда бул багытта жалгыз аракет кылып жаткан изилдөөчү — Ж. Кулмамбетов. Анын эмгектери театр тааануу жаатындагы маанилүү изилдөөлөрдүн үлгүсүн түзүп жатканына карабастан, бир изилдөөчүнүн мүмкүнчүлүгү кыргыз театр искусствосунун масштабдуу тарыхын жана чыгармачылык мурасын толук камтууга жетишсиз болушу мүмкүн.

Өтө чоң көлөмдөгү материалды системалуу түрдө изилдөө, спектаклдерди талдоо, актёрдук жана режиссёрдук чечмелөөлөрдү интерпретациялоо, тарыхта калтыруу жана келечек муунга жеткирүү — физикалык гана эмес, психологиялык жана методологиялык жактан да чоң аракетти талап кылган процесс. Бир изилдөөчүнүн мүмкүнчүлүгү мындай масштабдагы иштерди толук камтууга жетишсиз болуп, терең аналитикалык жана документтештирүүчү изилдөөлөрдү жүргүзүүдө кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн.

Мына ушул себептен театр изилдөө борборун түзүү зарылчылыгы туулат. Бул борбордун негизги максаттары төмөнкүлөрдү камтышы керек:

1. Кыргыз театр искусствосунун тарыхын системалуу изилдөө жана документтештирүү;
2. Спектаклдерди аналитикалык жана сын-пикирдик нукта чечмелөө, актёрдук жана режиссёрдук интерпретацияларды ачып көрсөтүү;
3. Театр таануучулардын тобун уюштуруу жана чыгармачылык тажрыйбаны келечек муунга жеткирүү;
4. Театр теориясында, методологиясында жана практикасында илимий-изилдөө ыкмаларын өнүктүрүү.

Мындай борбордун түзүлүшү кыргыз театр искусствосунун тарыхый мурасын сактап калуу, спектаклдерге илимий баа берүү жана театр сынынын деңгээлин жогорулатуу багытында олуттуу кадам болмок. Бул сунушталган модель театр таануучуларга материалдарды системалуу түрдө изилдөөгө, тарыхта калтырууга жана жаңы чыгармачылык багыттарды өнүктүрүүгө шарт түзөт.

**Колдонулган адабияттар**


1. 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында маданият жана искусство чөйрөсүн өнүктүрүү программасы: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 23-февралындагы № 128 токтомуна 1-тиркеме. – 13 б.
2. Брудный Д. Л. Театральное искусство Киргизии. – М.: Знание, 1959. – 32 с.
3. Львов Н. И. Киргизский театр: очерк истории / под ред. А. Кутубаева. – М.: Искусство, 1953. – 227 с.
4. Кулмамбетов Ж. Кыргыз театры. – Бишкек: Турар, 2017. – 455 б.
5. Кулмамбетов Ж. Кыргыз театры. – Бишкек: ОсОО «Оптима Технолоджис», 2023.
6. Кулмамбетов Ж. Режиссер Бообек Ибраев (Чыгармачылык портрет). – Бишкек: Принт Экспресс, 2015. – 159 б.
7. Кулмамбетов Ж. Советбек Жумадыловдун эки тагдыры. – Бишкек: Maxrint, 2021. – 114 б.
8. Кулмамбетов Ж. Диегесис и мимесис дык модели мирового театра. – Бишкек: Макспринт, 2023.
9. Кулмамбетов Ж. Пушкин актёр или нарратор? – Бишкек: Макспринт, 2021. – 109 б.


**Рецензент: кандидат культурологии, доцент Корпобаева М.К.**


УДК: 378.165.1. (043)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-312-317



**Эгешова А.Ж.**
К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети
**Эгешова А.Ж.**
Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева
**Egeshova A. Zh.**
K. Karasaev Bishkek State University

ORCID: 0009-0009-4150-4065


## КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА КОММУНИКАТИВДИК КӨНДҮМДӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ
## ПРОБЛЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ КОММУНИКАТИВНЫХ НАВЫКОВ НА УРОКАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
## ISSUES OF DEVELOPING COMMUNICATIVE SKILLS IN KYRGYZ LANGUAGE LESSONS


**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада кыргыз тилин окутууда окуучулардын оозеки кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселеси каралат. Оозеки жана жазуу кебинин өз ара байланышы, алардын өзгөчөлүктөрү жана окутуу процессиндеги орду талдоого алынат. Педагог-окумуштуулардын пикирлерине таянуу менен, баарлашуунун окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдөгү мааниси ачылып берилет. Сабакта окуучуларды даяр текстти жаттоого эмес, өз оюн эркин, так жана логикалык түрдө өз сөзү менен билдирүүгө үйрөтүүнүн зарылдыгы баса белгиленет. Ошондой эле коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандыруунун методикалык негиздери каралат. Оозеки кепти өнүктүрүү окуучулардын жалпы тилдик маданиятын жана өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмүн